**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**Окумуштуулар кеңешинде**
**каралып, бекитүүгө сунушталды.**
**Протокол №_5_**
**«_5_» ___03___ 2026-ж.**

**БЕКИТЕМИН**
**Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун**
**ректору техника илимдеринин**
**доктору, профессор**
**К.Ж. Усенов ____________**
**«_5_» ___03___ 2026-ж.**

# ТЕҢ УКУКТУУЛУК, АР ТҮРДҮҮЛҮК ЖАНА ИНКЛЮЗИВДҮҮЛҮК (EDI) САЯСАТЫ

**Манас 2026**

**МАЗМУНУ**


1. Жалпы жоболор ............................................ 3
2. Саясаттын максаты ........................................ 4
3. Туруктуу өнүгүү (ESG) менен байланыш
4. Негизги принциптер
5. Негизги ESG көрсөткүчтөрү
6. Тыюу салынган дискриминация формалары
7. Ишке ашыруу механизмдери
8. Арыздарды берүү жана кароо тартиби
9. Жооптуу органдар
10. Мониторинг жана отчеттуулук
11. Жыйынтыктоочу жоболор

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Бул Саясат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, университеттин Стратегиялык өнүгүү планын жана туруктуу өнүгүүнүн (ESG) эл аралык принциптерине ылайык иштелип чыккан.
**1.2.** Саясат мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин камсыз кылуу, инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүн түзүү жана дискриминацияга жол бербөө системасын аныктайт.
**1.3.** Саясат билим берүү процессинин бардык катышуучуларына тиешелүү: окуучуларга (студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга), профессордук-окутуучулук курамга, административдик жана башкаруучу персоналга, окуу-колдоо жана техникалык персоналга, абитуриенттерге, бүтүрүүчүлөргө, стажерлорго, волонтерлорго, ошондой эле университеттин аймагында болгондорго же анын кызыкчылыктарын көрсөткөн башка адамдарга.
**1.4.** Саясат университеттин илимий кеңешинин жыйынында каралып, ректордун буйругу менен бекитилет, расмий сайтта милдеттүү түрдө жарыяланат жана билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн аткарууга милдеттендирилет.

## САЯСАТТЫН МАКСАТЫ

Билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн тең укук жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу, инклюзивдүү, коопсуз жана дискриминациясыз билим берүү чөйрөсүн түзүү, окуучулар менен кызматкерлердин академиялык, илимий жана социалдык ишмердүүлүгүнө толук катышуусун колдоо, ошондой эле ESG принциптерине жана QS World University Rankings: Sustainability талаптарына ылайык социалдык жоопкерчилик, гендердик теңдик жана туруктуу баалуулуктарды өнүктүрүү.

## ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ (ESG) МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ

**3.1.** Саясат Social Impact (Equality) принциптерин ишке ашырат.
**3.2.** Максаттар: гендердик теңдик, билимге жеткиликтүүлүк, социалдык интеграция, жабыркаган топторду колдоо.

## НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТТЕР

- Мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги;
- Дискриминацияга жол бербөө:
- Гендердик теңдик;
- Инклюзивдүүлүк;
- Социалдык адилетүүлүк;
- Билимдин жеткиликтүүлүгү;
- Ачыктык;

- Жоопкерчилик;
- Купуялуулук;
- Адамдын ар-намысына урмат көрсөтүү.

## НЕГИЗГИ ESG-КӨРСӨТКҮЧТӨР

Университет төмөнкүлөрдү көзөмөлдөйт: студенттердеги гендердик баланс, персоналдын гендердик балансы, башкарууда аялдардын катышуусу, мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин жеткиликтүүлүгү, жабыркаган топтордун катышуусу, студенттердин аралашуу деңгээли, арыздардын саны, канааттануу деңгээли.

## ТЫЮУ САЛЫНГАН ДИСКРИМИНАЦИЯ ФОРМАЛАРЫ

Тыюу салынат:

- Гендердик дискриминация;
- Улуттук дискриминация;
- Динге байланыштуу дискриминация;
- Ден соолукка байланыштуу дискриминация;
- Социалдык дискриминация;
- Буллинг жана кибербуллинг;
- Ар-намысты кемсинтүү;
- Психологиялык басым;
- Билимге жеткиликтүүлүктү чектөө;
- Ресурстарга теңсиз жеткиликтүүлүк.

## ИШКЕ АШЫРУУ МЕХАНИЗМДЕРИ

1. Этикалык комиссия түзүү;
2. Арыз берүү системасын киргизүү;
3. Окутуу иш-чараларын өткөрүү;
4. Маалымат берүү;
5. Мониторинг жүргүзүү;
6. Отчетторду даярдоо.

## АРЫЗДАРДЫ БЕРҮҮ ЖАНА КАРОО ТАРТИБИ

**8.1.** Арыздар университеттин Этикалык кодекси негизинде каралат.
**8.2.** Мурдатан кайрылууга негиздер: дискриминация, кемсинтүүлөр, конфликттик абалдар.

**8.3.** Арыз: кафедра башчысына, администрацияга, этикалык комиссияга берилет.

**8.4.** Кароо тартиби: каттоо, текшерүү, комиссия, чечим кабыл алуу.
**8.5.** Принциптер: объективдүүлүк, купуялуулук, адилеттүүлүк.
**8.6.** Чаралар: эскертүү, дисциплинардык чаралар, окутуудан чыгаруу же жумуштан алуу

## ЖООПТУУ ОРГАНДАР

- Ректорат;
- Этикалык комиссия;
- Институттар жана колледждердин администрациясы;
- Кафедралар жана ПЦК.

## МОНИТОРИНГ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУК

- Маалыматтарды топтоо;
- Анализ жүргүзүү;
- Отчетторду даярдоо;
- Түзөөчү чараларды кабыл алуу.